2020-2021-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан 1 жумага жүктөлгөн саат - 22 саат.

22 саат жумасына төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн :

| № | Классы | Кыргыз тили | Кыргыз адабияты | Жалпы сааты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-класс | 4 саат | 2 саат | 6 саат |
| 2 | 7-класс | 3 саат | 3 саат | 6 саат |
| 3 | 8-класс | 3 саат | 2 саат | 5 саат |
| 4 | 10-класс | 2 саат | 3 саат | 5 саат |
| 5 | Жумалык сааты | 12 саат | 10 саат | 22 саат |

**Кыргыз тили жана адабияты сабагынан окуучулардын билим сапаты жөнүндө маалымат :**

1. **5-класс**

5-класска жумасына 4 саат кыргыз тили , 2 саат кыргыз адабияты өтүлөт.

| | **Окуучу саны** | **Кыргыз тили Сапаты %** | **Кыргыз тили Жетишуусу %** | **Адабияты Сапаты %** | **Адабияты Жетишуусу%** |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| **1-чейрек** | 15 | 33% | 100% | 60% | 100% |
| **2-чейрек** | 17 | 47% | 100% | 58% | 100% |
| **3-чейрек** | 18 | 55% | 100% | 88% | 100% |
| **4-чейрек** | 18 | 100% | 100% | 100% | 100% |
| **жылдык** | 18 | 66% | 100% | 66% | 100% |

**Чейректик жазуу иштеринин жыйынтыгы**

| | **1-чейрек** | **2-чейрек** | **3-чейрек** | **4-чейрек** |
|---|---|---|---|---|
| **Окуучунун саны** | 15 | 17 | 18 | 18 |
| **Жазганы** | 13 | 17 | 17 | 16 |
| **«5»** | - | - | 3 | 4 |
| **«4»** | 11 | 7 | 4 | 9 |
| **«3»** | 1 | 6 | 4 | 3 |
| **«2»** | 1 | 4 | 6 | - |
| **сапаты** | 84% | 41% | 41% | 81% |
| **жетишуусу** | 92% | 76% | 65% | 100% |

**Билим сапатынын мониторинги**



## 2. 7-класс

7-класска кыргыз тилине 3 саат, кыргыз адабиятына 3 саат бөлүнгөн.

**Чейректердин жыйынтыгы**

| | Окуучу саны | Кыргыз тили Сапаты % | Кыргыз тили Жетишуусу % | Адабияты Сапаты % | Адабияты Жетишуусу% |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| **1-чейрек** | 25 | 28,5% | 100% | 46% | 100% |
| **2-чейрек** | 25 | 52% | 100% | 56% | 100% |
| **3-чейрек** | 27 | 85% | 100% | 96% | 100% |
| **4-чейрек** | 26 | 96% | 100% | 100% | 100% |
| **жылдык** | 26 | 92% | 100% | 92% | 100% |

**Чейректик жазуу иштеринин жыйынтыгы**

| | **1-чейрек** | **2-чейрек** | **3-чейрек** | **4-чейрек** |
|---|---|---|---|---|
| **Окуучунун саны** | 25 | 25 | 27 | 26 |
| **Жазганы** | 21 | 21 | 24 | 21 |
| **«5»** | - | - | 9 | 5 |
| **«4»** | 12 | 6 | 11 | 12 |
| **«3»** | 7 | 12 | 1 | 4 |
| **«2»** | 2 | 3 | 3 | - |
| **сапаты** | 57% | 28% | 83% | 81% |
| **жетишуусу** | 90% | 85% | 87% | 83% |

**Билим сапатынын мониторинги**



### 3. 8-класс

8-класска кыргыз тилине 3 саат, кыргыз адабиятына 2 саат бөлүнгөн.

**Чейректердин жыйынтыгы**

| | Окуучу саны | Кыргыз тили Сапаты % | Кыргыз тили Жетишуусу % | Адабияты Сапаты % | Адабияты Жетишуусу% |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| **1-чейрек** | 28 | 42,8% | 100% | 42,8% | 100% |
| **2-чейрек** | 28 | 64% | 100% | 60% | 100% |
| **3-чейрек** | 27 | 85% | 100% | 100% | 100% |
| **4-чейрек** | 26 | 96% | 100% | 100% | 100% |
| **жылдык** | 26 | 88% | 100% | 100% | 100% |

**Чейректик жазуу иштеринин жыйынтыгы**

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **Окуучунун саны** | 28 | 28 | 27 | 26 |
| **Жазганы** | 22 | 28 | 26 | 25 |
| **«5»** | 3 | 1 | 6 | 9 |
| **«4»** | 11 | 10 | 10 | 14 |
| **«3»** | 6 | 10 | 9 | 1 |
| **«2»** | 2 | 6 | 1 | 1 |
| **сапаты** | 63% | 39% | 61% | 92% |
| **жетишуусу** | 90% | 75% | 96% | 96% |

**Билим сапатынын мониторинги**



4. **10-класс**

10-класска кыргыз тилине 2 саат, кыргыз адабиятына 3 саат бөлүнгөн.

**Чейректердин жыйынтыгы**

| | **Окуучу саны** | **Кыргыз тили Сапаты %** | **Кыргыз тили Жетишуусу %** | **Адабияты Сапаты %** | **Адабияты Жетишуусу%** |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| **1-чейрек** | 12 | 58% | 100% | 58% | 100% |
| **2-чейрек** | 10 | 40% | 100% | 50% | 100% |
| **3-чейрек** | 8 | 100% | 100% | 100% | 100% |
| **4-чейрек** | 8 | 100% | 100% | 100% | 100% |
| **жылдык** | 8 | 100% | 100% | 100% | 100% |

**Чейректик жазуу иштеринин жыйынтыгы**

| | **1-чейрек** | **2-чейрек** | **3-чейрек** | **4-чейрек** |
|---|---|---|---|---|
| **Окуучунун саны** | 12 | 10 | 8 | 8 |
| Жазганы | 10 | 8 | 8 | 8 |
| **«5»** | 2 | - | - | 5 |
| **«4»** | 5 | 4 | 7 | 3 |
| **«3»** | 3 | 1 | 1 | - |
| **«2»** | 2 | 3 | - | - |
| **сапаты** | 58% | 50% | 87% | 100% |
| **жетишуусу** | 83% | 62% | 100% | 100% |

**Билим сапатынын мониторинги**



## 5. Жазуу сабаттуулугун жоюу жана билимди өркүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн иштер

1. Кыргыз тилинен:

- №1 жана №2 көнүгүү дептерлери
- Жат жазуу дептери
- Эреже дептери
- Кошумча көнүгүү дептери
- Алфавит дептери

2. Кыргыз адабиятынан :

- Адабият дептери
- Дилбаян дептери
- Портфолио

3. Билимди текшерүү, машыгуу боюнча :

- Кыргыз тилинен тест
- Кыргыз адабиятынан тест
- Орфографиялык сөздүк
- Жат жазуулар жыйнагы
- Талдоолор
- Текст менен иштөө
- Сүрөт менен иштөө
- Кемчонтойдун жазгандарынан
- Сөздүк менен иштөө
- Адабият теориясынан
- Окуучулардын эмгектери

## 6. Зээндүү окуучулар менен иштөө

- Зээндүү окуучулар менен иштөөнүн планы түзүлгөн
- Пландын негизинде зээндүү окуучулар менен иш жүргүзүлүүдө
- Пландан тышкары да окуучулардын кызыгуусун эске алып, кошумча тапшырмалар берилет
- Ар бир класстан кыргыз тилине кызыккан зээндүү окуучулар тандалган
- Окуучулар өз алдынча берилген тапшырмалар менен иштегенге жетише алышты
- Орфографиялык жана орфоэпиялык сабаттуулугу артты
- Кеп маданиятына ээ болууга машыгышты
- Талдоонун түрлөрүн үйрөнүштү

## Начар окуган окуучулар менен иштөө

- Ар бир класстан начар окуган окуучулардын тизмеси такталган
- Алардын өздөштүрүү деңгээлине карата ар Кандай тапшырмалар берилип турат
- Алфавит дептери ачылып тамгаларды жазуунун Негизинде иштер жүргүзүлдү
- Кетирилген каталар менен ката үстүндө иштетилди
- Окуу нормасынын негизинде окутуу иштери болду
- Орфографиялык сабатсыздыгын жоюу боюнча жазуу иштери аткарылды
- Эрежелер менен иш алып баруу дептери ачылып, өтүлгөн нукталар боюнча түшүндүрүлдү

## 7. Усулдук иштер

Эффективдүү сабак жүргүзүү үчүн абдан көп усулдук ыкмаларды сунуш кылууга болот, бирок кайсы класска кандай методдор туура келерин ар бир мугалим өзү аныктоого тийиш.

Окутуунун максаттарына жетиш үчүн ар түрдүү усулдарды туура , сабаттуу колдоно билишибиз керек.

Мен сабакта колдонгон ыкмаларым :

- Салттуу усул
- Сахна сабак
- Мугалим фасилитатор
- Жуп менен иштөө
- Топ менен иштөө
- Илимпоз , алып баруучу , референт
- Класстер
- Синквейн
- Венндин диаграммасы
- РАФТ
- Акыл чабуулу
- Талкуу
- Презентация
- Инсерт
- Эдвард де Бононун алты шляпа методу
- Кубиктер ыкмасы
- Даймонд бриллиант
- Пирамида стратегиясы
- Т – схемасы
- Фактологиялык суроо
- Концептуалдык суроо
- Окуучу мугалим
- Оюндар
- Биргелешип окуу
- Башкарып окутуу стратегиясы
- Предмет аралык байланыш
-

## 2020-2021-окуу жылында аткарылган иштер

- 2020-2021- окуу жылына максаттар жана темалар аныкталды
- Календардык план түзүлдү , бекитилди
- Жыл башында окуучулардын билим сапаты аныкталды
- КРнын Мамлекеттик тил күнүнө карата он-лайн иш-чара өтүлдү.
- Окуучуларга тиешелүү дептерлер ачтырылды, текшерилди
- Кыргыз тили жана адабиятынан билим сапатын көтөрүү боюнча айрым окуучулар менен жекече иштөө жүргүзүлдү
- Кептин түрлөрү боюнча машыгуу, көнүгүү иштери болду
- Кеп маданиятын , сөз байлыгын байытууга машыгуу болду
- К.Карасаевдин 110 жылдыгына карата слайд көрсөтүлүп, баяндама жасалды.
- Зээндүү окуучулар менен иштөө жүргүзүлдү
- Начар өздөштүргөн окуучуларга көзөмөл жүргүзүлдү
- Мектеп ичинде олимпиада откорулуп, алдынкы окуучулар аныкталды.
- Райондук олимпиадага даярдык корулду.
- Райондук олимпиаданын жыйынтыгы боюнча :
  Бекбачаева Бермет (10-класс) 7-орун алды.
- Р.Шүкүрбеков “Жинди суу термеси” темасында ачык сабак өтүлдү,анализ жасалды.
- Өздүк портфолио толукталды
- Усул ишине байланыштуу иш-кагаздар жүргүзүлдү
- Чейректик жазуу иштери жазылды
- Билим сапатынын мониторинги жүргүзүлдү
- Март айында КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда “PISA” боюнча билимимди өркүндөттүм.
- Май айында КРнын Билим жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын Жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда өз билимимди өркүндөттүм. Курстун аталышы : “ Кыргыз тилин жана адабиятын Эне тили катары компетенттүүлүк мамиленин негизинде окутуу”.
- 2020-2021-окуу жылына отчет жана анализ жасалды.

# Билим талдоо, баалоо жана мониторинг борбору

Билим талдоо, баалоо жана мониторинг борбору жургузгон текшеруунун

жыйынтыгы

апрель, 2021-жыл

## Класстын сабак боюнча алган орточо баасы

| | 5-класс | 7-класс | 8-класс | 10-класс |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили % | 52 % | 56 % | 43 % | 83% |
| Сабаттуулук % | 32 % | 39% | 42 % | 39% |

## Алган бааларына жараша окуучулардын сандары

| | 0-10% | 10-20% | 20-30% | 30-40 % | 40-50% | 50-60% | 60-70% | 70-80% | 80-90% | 90-100% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-класс | 0 | 2 | 0 | 5 | 2 | 6 | 1 | 3 | 0 | 1 |
| 7-класс | 0 | 1 | 2 | 2 | 3 | 11 | 3 | 4 | 1 | 0 |
| 8-класс | 0 | 2 | 4 | 4 | 2 | 12 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 10-класс | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 3 | 6 | 0 |

## 2020-2021-окуу жылы   - он-лайн окуу жылы болду

2020-2021-окуу жылында пандемияга байланыштуу окуу он-лайн башталды.

- 1-2-чейректер он-лайн окулду. 3-чейректин аягы жана 4-чейректин башы оф-лайн окуу болду.
-Он-лайн учурунда 5-7-8-10-класстын окуучуларынын ичинен такыр сабакка кирбеген окуучулар болгон жок. Баардык окуучулар менен кайтарым байланыш болуп турду. Чейректик жазуу иштери да аткарылды.
- Кээде интернетке байланыштуу сабакка кире албай калган кээ бир окуучулар менен башка мүмкүнчүлүгү болгон убактыларында байланышып түшүнүк берилип турду. Баардык окуучулар баа алышып,баалоо жүргүзүлүп турду.
– Кээ бир ата-энелер менен байланыш жүрдү.
– Убактылуу журнал уюштурулуп, бекитилди жана баалар өз убагында коюлуп турду.
– Он-лайн иш-чаралар өткөрүлдү. Мисалы : 23- сентябрь - Мамлекеттик тил күнүнө, Ч.Айтматовго арналган, “Жомоктор дүйнөсүндө” ж.б.у.с.
– Сабакта жетишпей калган окуучулар менен кошумча тапшырмалар берилип, кайтарым байланыш болуп турду.
– Олимпиадага он-лайн тестик тапшырмалар даярдалды. Олимпиада өткөрүлүп окуучулардын орундары белгиленди.

| | **5-класс** | **7-класс** | **8-класс** | **10-класс** |
|---|---|---|---|---|
| **1-орун** | Айдарканов Санжар | Сардарбекова Назима | Качыкеев Кабай | Төрөбеков Байэл |
| **2-орун** | Нурдинов Адилет | Болотбеков Марсель | Марсбеков Азамат | Бекбачаева Бермет |
| **3-орун** | Шамшидинова Айсанат | Урустамалиева Мадина | Акылбек к. Айгерим, Алыбекова Бегайым | Касымбаев Эржан |

- Райондук олимпиадага Бекбачаева Бермет катышты, 7-орун алды.

## Он-лайн сабактагы көйгөйлөр жана кемчиликтер

– Он-лайн сабагында  интернеттен көз каранды болуп, кээ бир жерлерде интернет тартпай калган учурлар болду.
-Он-лайн окуудан окуучулардын билим жагынан оф-лайн окуунун артыкчылыгы бар экендигин биле алдым. Жандуу бетме-бет сабактан өтөрү жок экендигин практикада сездик.
-Кээ бир окуучулар он-лайн сабакта түшүнө албай кыйналышты. Кээ бир окуучулар он-лайн сабакта ата-энесинин көзөмөл салуусунан улам жакшы окуй башташты.
– Он-лайн сабакта окуучулардын каллиграфиясы бузулгандыгы болду .

## Көйгөйлөрду чечүүгө максаттар

- Каллиграфиясы бузулган окуучуларга алфавит дептерин уюштуруу

- Класстан тышкаркы окуу менен сөз байлыгын байытуу

- Көркөм окуу аркылуу сөз өстүрүүсүн өстүрүү

- Макал-лакап, фразеологизмдер менен иштөө

- Эрежелер менен иштөө

- Тесттер менен иштөө

- Кыргыз тили,адабиятына тиешелүү программалар менен иштөө

## *Менин педагогикалык философиям*

**“Мугалим – жакшылыктын энеси”**

**Ч.Айтматов**

Эл макалында : “ Он жылды ойлонсоң бак өстүр,жүз жылды ойлонсоң шакирт тарбияла” деп айтылгандай,педагогдук кесипте канча темир канат балапандарды тарбиялап алтын уядан учурасың. Мугалимдер адам дилин тазартуучулар,жаш муундарды ар кандай өнөр-кесипке үйрөтүүчүлөр,ыймандуулукка шыктандыруучулар экендигинибизди баарыбыз башынан билебиз. Учурунда пейилге да, талантка да март акын Жоомарт Бөкөнбаев : “ Алтын билим өнөрдүн, Сүтүн берген мугалим. Аянбастан эмгекке, Күчүн берген мугалим,” - дегендей, эне ак сүтүн берип алпештесе,мугалим билим сүтүн берип тарбиялайт.
Мына ошол акылы сергек,дили таза, усулунун учу узарган мугалимдин, тарбиячынын колунда келечек ээлери турат. Тал чыбыктай буралган жаш өспүрүмдү кандай таптасаң, ошондой өсөт. Балдардын бардыгы бирдей болбойт. Бири мугалимдин айткан сөзүн бат тыңдайт, бири кеч кабыл алат,же кабыл алуусу,түшүнүгү,психологиялык жактан ой жүгүртүүсү бир класста отуз окуучу болсо,отузунуку отуз башка. Бул маселени чечүүдө эн негизги милдет мугалимде.

Окуучулар менен мугалимдин ортосундагы эң негизги көпүрө бул – сабак деп эсептейм.
Бала 1-класстан 11-классты бүткөнчө он миңден ашык сабакка катышат экен. Ошол он миңден ашык 45 минуттук сабактын канчасы натыйжалуу болуп жатат да,канчасы жөн эле убакыт коротууга айланууда? Кеп мына ушунда...

Ар бир күнү мектепке келе жатып,бүгүн кандай кызыктуу сабак өтсөм,окуучуларыма бир нерсе үйрөтсөм экен деп кадамымды ойлуу таштайм.
Менимче, сабак – мугалимдин бүтүндөй окутуу системасы ар кайсыл жагынан чагылышып турган көп түрдүү криссталл, же болбосо кайра кайрылгыс алтын убакытты жоготууга алып келген татаал механизм. А ошол механизмди кыймылга келтирип турган күч – мугалим.

Сабакка кирдиңби,болду, сен ошол 45 минуталык убакыттын кожоюнусуң. Бул сабак балдар үчүн майрам болушу да мүмкүн,кыйноо-азап болушу да

мүмкүн. Эгерде менин окуучуларым коңгуроо кагылары менен сыртка чыгууга аракеттене баштаса, анда менин сабагым кызыксыз болгон деп билемин.  Качан гана мен сабагымды бүтүрүп,окуучуларыма караган кезде алардын жүзүнөн убакыттын тез эле бүткөнүнө капаланып тургандыкты көрө алсам, анда менин сабагымдын максатына жеткени.

Мугалим катары сабак учурундагы мугалимдин негизги милдеттери төмөнкүлөр деп эсептейм:

- Мугалимдин сабагынын мазмунунда жана методикасында окутуунун принциптери жана компетенттүүлүктөрү канчалык эске алынган жана чагылдырган;
- Сабактын дидактикалык жана тарбиялык вазийпасы канчалык деңгээлде ишке ашырылган;
- Сабактын ар кандай этаптарында окуучулардын таанып-билүү ишмердиги канчалык даражада активдешип турган;
- Окуучулардын окуу жумушуна жоопкерчиликтүү мамилеси канчалык даражада стимулдаштырылган;
- Билим,билгичтик,көндүм канчалык туура ,так бааланды
- Теория менен практиканын байланышы кандайча ишке ашырылды;
- Окутуунун методдору менен мазмунунун айкалышы туурабы;
- Сабакта техникалык каражаттар колдонулдубу;
- Окуучулардын курак жана жеке өзгөчөлүгүн,мүмкүнчүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн эске алуу боюнча мугалим туура бөлө алдыбы;
- Окуучулардын бири-бири менен мамилеси,мугалим окуучу жана окуучу мугалим мамилеси кандай болду;
- Сабактын жаңы элементтер менен жабдылышы;
- Окуучулардын өзүн эркин алып жүрүүсү;
- Окуучулардын сөз байлыктарын өстүрүү;
- Сабак окуучуларды тарбиялоо (эстетикалык акыл-эс,эмгек, денетарбия ж.б.) багытында жана адистик тандоо үчүн канчалык кызмат кылды.

Мен жогоруда сабак жөнүндө жана сабактын негизги милдеттери жөнүндө өз оюмду учкай аттым. Эми өзүм кыргыз тили жана адабияты мугалими болгондон кийин сөз кезегин ошол нукка бурсам.

... Баланын өмүрүндө эне тили сабагы качан башталат? Эне тили сабагынын милдети жана маңызы эмне менен аныкталат? Окуучу эне тили сабагынан эмнени окуп үйрөнмөкчү? Эне тили боюнча программалар жана окуу китептери окуучу эне тилинде талаптагыдай

окуусу үчүн эмнелерди берет? Дагы ушул сыяктуу суроолор дайыма жүрөгүмөн орун алган. Менимче, эне тилин бала түйүлдүктө жаңы пайда болгондон баштап эле үйрөнө баштайт,анткени жанындагы,каныңдагы тили балага өтөт. Бала төрөлүп тили чыгат,мектеп жашына чейин сүйлөгөндү үйрөнөт. Укканды сүйлөп коюш оңой,ал эми мектеп босогосун аттагандан баштап бүтөр-бүткөнгө чейин ар бир тамгадан баштап,тил илиминин бөлүктөрүн окутуу бул өтө татаал,өтө жооптуу иш. Окуучуга эне тилиндеги сөз байлыгын туура өздөштүрүүнүн негизинде сөз маданиятына ээ болуу; эне тилинин илимий негиздерин, негизги эрежелерин,мыйзамдарын талаптагыдай үйрөтүү,жалпы билим алуунун ылайык эне тилинде машыгууларга жана так үйрөтүүгө эне тили мугалими милдеттүү.

Ал эми окуучуларды ийгиликке жетиштирүү үчүн биздин окуу программаларыбыздын,окуу китептерибиздин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чечилмекчи.

Окуу программларыбыз азыркы кыргыз тилинин өсүп-өнүгүшүнө карата түзүлүүдө. Ал эми... окуу китептеричи?

Алдыга умтулуу,тилек,үмүт бул жакшы нерсе экендигин ким түшүнбөйт. Ал эми ушундай эле жакшы үмүттөр менен аралаш кейиштүү көрүнүштөрдүн бар экендиги өкүндүрөт.

Өзүбүз кыргыз болуп туруп,кыргыз тилинин статусуна ээ болуп туруп, кыргыз тилиндеги китептердин аздыгы мени өкүндүрөт.

Китептердин аздыгы эмне, кыргыз тилинин жардылыгына такалабы? Жок. Кыргыз элинин тээ байыркы эл экенин дүйнө жүзү билет. “Манастай” эпосту жараткан элдин тилин жарды деп ким айта алат?

“Кыргыз тилим кылымдарды баскан тил,
Эр Манастай дастандарды айткан тил.
Ата Журттун ар намысын бек сактап,
Акылмандар ташка чегип жазган тил,”-

дегендей кыргыз тили улуу да,ыйык да.

Азыр кемчиликтердин барысын материалдык каражаттын жоктугуна шылтап көнүп алганбыз. Бир чети чын,бир чети жалган. Жалган дегенимдин себеби,канча убакытка чейин “Жокчулукка” шылтап кое беребиз? Тилибиз жоголуп баратса да шылтайбызбы?!

Мен сыяктуу колунда мыйзамы бар, бирок китеби жок,китеп табылып калса акчасы жок,акча тапсаң китеби жок калган кыргыз тилчи мугалимдер четтен табылат. Буга бир эле китеп эмес, методикалык

көрсөтмөлөрдөн баштап жаңы ыкмадагы программаларды кыргыз тилинде табуу кыйын.

Кыргыз тил илими улам барган сайын жаңылануудa,татаалданууда,көп эксперимент менен билим берүү максаты турат. Кыргыз тил илиминин доценти,тажрыйбалуу педагог Ж.А.Чыманов айткандай:” Мындай ,ары опурталдуу экспериментке тартынбай кирген же кирүүгө мажбур болгон кыргыз тил мугалимдерине тизе бүгүп таазим кылуудан башка айтарыбыз жок.”

Эң негизгиси “Барга көппөй, жокко чөкпөй” иштөө гана баарын жеңет демекчимин.

Ооба,мугалимдин сыйкырдуу сөзү,жугумдуу акылы, ыйык ыйманы ар убак биринчи мугалим Дүйшөндүн бай теректериндей болуп,бийик, сыймыктуу болуп шуулдап,биздин көңүлүбүздө өмүрлүк болуп түнөк тапкан.

Дүйшөн демекчи... Мен да биринчи мугалим Дүйшөн сыяктуу биринчи мугалимдин тукумунанмын. Чоң атам Кылыч да Кара-Кужур өрөөнүнүн эң биринчи мугалими болгон,боз үйгө сабак өтүптүр. Азыр айылыбыздагы орто мектепти “Кылыч Рысмендеев” атындагы орто мектеби деп эли-журту наамын берген. Чоң атамдын тун келини,менин ардактуу апам Ажыкеева Шайыр  да ардактуу эс алуудагы мугалим.

Өз ата-бабамдын жолун жолдоо мен үчүн чоң сыймык . Анткени мен да алар баштаган кесипти улантуучумун,келечекте менида улашат,алар менин –окуучуларым. Ошондуктан бүт аракетимди,бүт энергиямды,бүт сүйүүмдү окуучуларыма арнайм жана арнай берем.

А.С.Макаренко таамай айткандай : “Туура тарбия берсек,ал биздин бактылуу карылыгыбыз,жаман тарбия берсек,ал бизди шорубуз,”- деген улуу сөздү чын ниетимен колдойм.

Тагдыр мага эне тилин үйрөтүүгө мүмкүндүгүн бергендигине ыраазымын.Кимдир бирөөгө эне тилибизди үйрөткөнүм – менин эне тилибиздин сүтакысын актоого жасаган аракетим деп эсептейм.

*Кылычова Айни Зариповна*




***Окуучуларыңызга жылмаюу адам катары айланадагыларыңызга  бере алган эң жакшы белегиңиз жана чөйрөңүздөгүлөргө  эң жакшы таасир калтыруучу сыйкырдуу күч болуп саналат.***

***Унутпаңыз!***

***Жылмаюуңуз алгач сизге, андан кийин окуучуларыңызга өтө керек. Тажрыйбада текшерип көрүңүз. Эч нерсе жоготпойсуз.***



***Окуучуларды  кызыктырууну каалаган мугалимдер оболу өздөрү  кызыгышы керек.***

***Анткени өзү кызыкпаган адам башкасын кызыктыра албайт.***



***Ыңгайлуу чөйрө – кызматташтык атмосфераны түзүүгө, окуучулар менен өз ара түшүнүү жана баарлашууну жаратууга мүмкүнчүлүк берет.***

***Мугалим окуу процессин, окуучу өз оюн эркин айта алгыдай, бирөөнүн оюна каршы чыгуудан жана талашуудан коркпогудай кылып уюштурушу керек, а мугалим угуп, окуучуга сыйлоо менен мамиле кылып, кайдыгер болбоосу шарт. Педагог аралыкты сактоо менен балага дос болуп калуусу мааниге ээ.***



***Эң чоң күрөш – инсан тарбиялоо күрөшү.***

***Мугалимдик кесип – сабырдуулуктун иши.***

***Сизден барган сүйүү кайра өзүңүзгө келет.***



***Бир окуучуга кол сунуп жатып, бүтүндөй дүйнөгө кол сунуп жаткандай  маани беришибиз керек.***

***Бир класста сабак түшүндүрүп жатып , бүтүндөй аалам бизге  кулак салып жаткандай маани бериш керек.***




***Эгер сиз окуучуларыңыздын көзүнөн : “ Эмгегиңиз үчүн чоң рахмат, устатым”, - деген сөздү окуй   алсаңыз, чарчаганыңыз жазылса, демек, сиз туура кесип тандаганыңыз.***



*Мугалимдик кесип – бул жөн гана сабак окутуу эле эмес , балдардын маданий-эстетикалык аң-сезиминин байытылышына , ар тараптан жетишүүсүнө , татыктуу   тарбиялануусуна да салым кошуу болуп эсептелет.*

## Сабак: Кыргыз адабияты , 10-класс

**Мугалим : Кылычова А.З.**

**Текшерилди: _______ Бөлөкова Г.**

**28-май,2021-жыл**

**Сабактын темасы: Р.Шүкүрбековдун «Жинди суу» термеси**

| | | |
|---|---|---|
| | **Негизги компетенттүүлүктөр**<br>1. Маалыматтык<br>2. Социалдык-коммуникативдик<br>3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | **Сабактын тиби:** Интерактивдүү, аралаш<br>**Колдонулуучу ыкмалар**: айтып берүү,түшүндүрүү,ангемелешуу,суроо-жооп, класстер,презентация, ротация ж.б.<br>**Керектелуучу каражаттар:** Темага байланыштуу таркатмалар,карточкалар,сүрөттөр,ватмандар,стикер,<br>маркерлер, Т.С.О.<br>**Предмет аралык байланыш:** Адеп, анатомия,<br>сүрөт,математика,химия,биология,адам жана коом |
| **№** | **Сабактын максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
| 1. | **Билим берүүчүлүк :** окуучулар «Жинди суу» термеси боюнча маалымат алышат. Чыгармадагы автордун берген оюн түшүнүшөт. Ичкиликтин зыяндуулугу, аракечтик коомго жана үй-бүлөгө, керт башка тийгизген терс таасирлери жөнүндө ой жүгүртүшөт. Чыгарманын | Окуучулар «Жинди суу» чыгармасы боюнча маалымат алышса.<br>Чыгарманы түшүнүшсө жана аны талдай алышса.<br>Ичкиликтин адамга жана коомго тийгизген терс таасирин топ менен иштеп, презентациялашса.<br>Чыгармадагы ичкиликтин зыяндуулугу, аракечтик коомго жана үй-бүлөгө, керт башка тийгизген терс таасирлери жөнүндө ой жана чыгарманын таалим-тарбия берүүчүлүк ролу боюнча билишсе. |

| | | |
|---|---|---|
| | таалим-тарбия беруучулук ролу боюнча билишет. | |
| 2. | **Өнүктүрүүчүлүк :** Уккандарын эсине сакташып, сабакта колдоно билишет. Сөз байлыгы өнүгөт. Өз сөзүн ой-жүгүртүп айтат. Топ менен иштешет. Келечекке максат кое билишет. | Уккандарын эсине сакташып,колдоно билишсе. Сөз байлыгы өнүксө. Өз сөзүн ой-жугуртуп айтканды билишсе. Ичкиликтин терс сапатын ачууда өз ойлорун ортого салышса. Топ менен иштей билишсе. Берилген тапшырманы презентациялай алышса. Сабакта келечекке болгон ичкилик жөнүндө сунуштарын айта алышса. |
| 3. | **Тарбиялык :** Алкоголь ичимдиктеринен алыс болууга, ыймандуулукка, ынтымактуулукка, адептуулуккө тарбияланышат. | Алкоголь ичимдиктеринин зыяндуулугун билишсе,ичимдиктен алыс болууга,ыймандуулукка,ынтымактуулукка,адептуулуккө тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү :**

| Сабак-тын Этап-тары | Убак-тысы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердуулугу | Компетент-түүлүгү | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Уюштуруу | 3 мин | Жагымдуу маанай түзүлөт. 2 топко бөлүнөт. Сабактын темасын,максатын айтат,түшүндүрөт. Мугалим окуучуларга бүгүнкү сабакты баалоонун жол-жобосун маалымат берип,тушундурот.1-топ менен баалоо,2-жеке баалоо,өзүн-өзү баалоо болот. | Балдар кыздарга,кыздар балдарга комплимент айтышат. 2 түстөгү стикердин бир түстү тандоо менен 2 топко бөлүнүп,орун алышат. Окуучулар сабактын темасын,максатын угат,түшүнүшөт. | НК 1 | | Калыптандыруучу баанын негизинде баалоо |
| 2.Өтүл-гөн теманы кайта-лоо | 3-5 мин | Мугалим окуучуларга өтүлгөн тема боюнча тапшырмасын текшерет жана «Сандар суйлөйт» деген ыкма менен Р.Шукурбеков боюнча алган билимдерин текшерет,эске салат,бышыктайт | Окуучулар сандар, Цифралар жазылган, берилген суроолорго жооп беруу менен өздөру билгендерин ортого салышат,тапшырманы | НК 1 | ПК 1 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | бышыкташат. | | | |
| 3.Жаны теманы түшүн-дүрүү | 7-10 мин | Мугалимдин сөзү: Р.Шүкүрбековдун «Жинди суу термеси» 1952-жылы жарык көргөн. Райкандын термесинде бул терс көрүнүштү автордун өзүнө гана тиешелуу болгон юмор-сатиралык көркөм сөзү менен жогорку денгээлдеги таалим-тарбиялык мааниге ээ болгон чыгарма жаратканында.<br>Чыгарманын идеясы окурмандарды аракты ичпоого, андан алыс болууга, «адатка» айландырып, анын туткунунда калбай,таза,кызыктуу өмүр сүрүп,эл-жеринин кызыкчылыгы учун кызмат өтөөгө чакыруу.<br>«Терменин башы арактан,<br>Айланып кетсин тамактан.<br>Силерге айтып жатамын,<br>Качсын деп жаман адаттан.»<br>деп башталат. Анда азыр мындан нары өзүңөр окуп,термени угуп таанышкыла Андан соң карточкадагы жана | Окуучулар тема боюнча билгендерин, оз ойлорун айтышат. Мугалим теманы тушундуруп жатканда кунт коюп угат. Китепти окуу жана термени аудио угуу менен,тушунугу боюнча талкуууга катышат. Берилген суроого жооп берип,озу суроо бере алат. Ырларды корком окушат.Оз оюн эркин айта алат. Чыгармадагы создуктор менен иштешет. Салыштыруулардын табышат. Чыгарманын сатира-юмор жактан келтирилген мисалдарга токтолушат. Капаланткан | НК 1, НК 2 | ПК 1, ПК 2 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | слайддагы тапшырмаларга, суроолорго жооп берип,чыгармага талкуу жүргүзгүлө. (Чыгарманын башын китептен окушат, андан соң аудио менен уктурулуп таанышышат) Окуучулардын окуу,угуу жагы өнүгөт. | сүрөттөөлөргө ,учурларга ойлорун айтышат. | | | |
| 4.Жаны теманы бышык-тоо | 10-12 мин | Арактын адамдын организмине жана коомго тийгизген терс таасири боюнча видео-ролик көрсөтүлөт. Окуучулардын көрүү жагынан маалымат алышат. Мугалим 2 топко тапшырма берет: 1-топ Арактын жеке адамга тийгизген терс таасири 2-топ: Арактын коомго тийгизген терс таасири боюнча ватманга кластер же сүрөт тартуу менен жактап берүү | Окуучулар топ менен иштешет, жакташат (презентациял ашат) | НК 1, НК 2, НК 3 | ПК 1, ПК 2, ПК 3 | |
| 5.Талкуу лоо үчүн суроо-лор | 5-7 мин | - Чыгармадан кандай көйгөйлөрдү көрө алдыңар? - Чыгарманын азыркы кезде актуалдуулугу барбы? - Чыгармадан кийинки сенин көз карашын кандай? - Ичкилик арты өкүнүч | Окуучулар ой-жүгүртүү менен суроого жооп беришет жана талкуу жүргүзүшөт | НК 2 | ПК 2 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | деп эмне учун айтылат? | | | | |
| 6.Сабак-ты жыйын-тыктоо | 5-7 мин | Сабакты мугалим жыйынтыктабай, окуучуларга жыйынтык чыгарганга багыттайт,мүмкүнчүлук берет. Бугунку сабакта келечекте турмушунда кандай колдонууга максат кое алышарына мумкунчулук жаралат. Суроо: Эгер сен президент,депутат,министр,аким,айыл өкмөтү, сатуучу, ата,эне же жөн эле жаран катары аракечтикке каршы кандай салым кошуп ,кандай күрөш жүргүзөт элең? Ротация ыкмасы колдонулат. | Окуучулар ой-жүгүртүшөт. Ротация ыкмасы менен өз ойлорун ортого салып, сабакты жыйынтыктоо менен келечекке максат коюшат. | НК 3 | ПК 2 | |
| 7.Баа-лоо | 2 мин | Баалоо жүргүзөт | Баалоого катышышат | | | |
| 8.Тап-шырма | 2 мин | Дилбаян жазуу : «Ичкилик арты өкүнүч» | Темага керектуу цитаталарды чогултушат, план түзүшөт, дилбаян жазышат. | НК 2 | ПК 3 | |